**2020-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 72-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2021-жылдын 14-апрелиндеги №10-2/205, 2021-жылдын 23-июнундагы №10-2/328 жана №10-2/334, 2021-жылдын 12-июлундагы №10-2/361 буйруктарына ылайык, 2020-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары – Социалдык фонд) бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүлдү.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Социалдык фонддун жетекчилиги мамлекеттик каражаттардын тескелишине жана мыйзамдуу орган тарабынан өкүлдөлгөн ыйгарым укуктарды жүргүзүүгө, ошондой эле ушул аудиттин предметине жоопкерчилик тартышат.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Социалдык фонддун иш-аракети мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) туура келээрине карата өз алдынча корутундуга келүүдө турат.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, Социалдык фонддун иш-аракетинин Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын (мындан ары – ЧУА) талаптарына туура келишин изилдөө болуп эсептелет.

Аудитке киргизилген суроолор:

- Социалдык фонддун бюджетинин түзүлүшүнүн негиздүүлүгү;
- Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы;
- Бириктирилген баланстын туура түзүлүшү;
- Штаттык жүгүртмөнүн түзүлүшүнүн негиздүүлүгү;
- Эмгек акыларды эсептөө жана берүүнүн негиздүүлүгү;
- Командировкалык чыгымдар ченемдеринин сакталышы жана алардын ордун толтуруу тартиби;
- Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорунун сакталышы;
- Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышы.

**Аудит критерийлери**

Социалдык фонддун каражаттарынын жана Социалдык фонддун мамлекеттик мүлкүнүн мыйзамга ылайык пайдаланылышын баалоо критерийлери:

- КР Бюджеттик кодекси;
- КР Эмгек кодекси;
- "Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө" КР Мыйзамы;

- “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоолор жөнүндө” КР Мыйзамы;
- 2021-жылдын 21-январындагы №9 “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоолор жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы;
- 2004-жылдын 24-январындагы №8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” КР Мыйзамы;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармасынын 23.12.2016-жылдагы №96 токтому менен бекитилген, “Социалдык фондунун бюджетин түзүү жана аткаруу жөнүндө” жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.08.2011-жылдагы №473 “Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы №471 “Командировкалык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2011-жылдагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөт автотранспортун кыскартуунун эсебинен мамлекеттик бюджет каражаттарын үнөмдөө чаралары жөнүндө” токтому.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган) шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы №01-26/123 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга туура келиши**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле аудит предмети бардык олуттуу аспекттерде негизделген ишенимди алуу үчүн, аудитти пландоо жана жүргүзүү, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келишин талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Аудит тарабынан Социалдык фонддун финансылык ишине тиешелүү ченемдик-укуктук актылар, ички ченемдик документтер жана финансылык отчет изилденди.

Аудитте, Социалдык фонддун бюджетин аткаруу ченемдик-укуктук актыларга ылайык жүргүзүлө тургандыгы корутундуларын тастыктаган жетиштүү жана ишенимдүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткаруу камтылат. Аудит, чогултулган аудит далилдери ушул отчетто жазылган

корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыздоо үчүн жетиштүү жана ишенимдүү деп эсептейт.

Аудит Социалдык фонддун Борбордук аппаратында, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун (ГНПФ) ведомствого караштуу регионалдык башкармалыктарында, Социалдык фонддун Окуу борбору мекемесинде жүргүзүлгөн.

Аудит башкы мамлекеттик инспектор А.С. Токторова жана мамлекеттик инспектор Ж.К. Садыков, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнүн инспекторлору тарабынан жүргүзүлгөн.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгында, Социалдык фонддун бюджетинин пайдаланылышы, төмөндө жазылган жагдайлардан сырткары, бардык олуттуу аспекттерде мыйзам талаптарына туура келээрин аныктадык.

**Мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктун аткарылышы**

2019-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун 3 жана 5-пункттары аткарылган эмес.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштарынын бардык пункттары аткарылган.

**Корутунду**

КР Социалдык фонду Эсептөө палатасынын жазма буйругун толук көлөмдө аткарган эмес.

**Сунуш**

Эсептөө палатасынын мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйругунун 3 жана 5-пункттарын аткаруу камсыздалсын.

**Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо чөйрөсүндө башкарууну жүзөгө ашырган, өз алдынча башкаруу принциптеринин негизинде иш алып барган, Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо системасынын аткаруу органы болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 20.02.2012-жылдагы №137 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө жобо.

Социалдык фонддун ишин жетектөө коллегиалдуу орган – Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 7 адамдан турган Башкармасы тарабынан жүзөгө ашырылат. Социалдык фонддун мүлкү жана акча каражаттары мамлекеттик менчикте турат. Социалдык фонддун акча каражаттары мамлекеттик бюджеттин курамына кирбейт, өндүрүү жана салык алуу жүргүзүлбөйт, салыктык эмес төлөмдөр жана комиссиялык жыйымдар

алынбайт.

"Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Социалдык фонддун ишин Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча байкоо кеңеши координациялайт.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетин түзүү жана аткаруу, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармасынын 23.12.2016-жылдагы №96 токтому менен бекитилген, "Социалдык фонддун бюджетин түзүү жана аткаруу жөнүндө" жобонун негизинде жөнгө салынат.

Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышы жөнөндө отчет Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча байкоо кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан каралат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилет.

**2020-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетин түзүү жана аткаруу**

"Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоолор жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоолор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Социалдык фонддун бюджетинин киреше бөлүгү төмөнкү көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт:

(млн. сом)

| | 2020-ж. бекитилген бюджет | 2020-ж. такталган бюджет | Четтөө +/- |
|---|---|---|---|
| **Кирешелер** | **57 892,1** | **56 080,9** | **-1 811,2** |
| *анын ичинде:* | | | |
| Камсыздандыруу төгүмдөрү | 35 727,7 | 33 027,7 | -2 700,0 |
| Республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары | 22 008,0 | 22 536,7 | +528,7 |
| Башка кирешелер | 156,5 | 516,6 | +360,1 |

Такталган бюджет боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн 2 700,0 млн.сомго азайышы, Covid 19 пандемиясына байланыштуу камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшпөй калышы боюнча кооптонуулар менен шартталган.

Аудит 2020-жылы башка кирешелерди алуу булактарын тастыктаган негиздүү эсептөөлөрдүн жоктугун белгилеген, алардын суммасы тактоодон кийин 516,6 млн. сомду түзгөн.

Социалдык фонддун бюджетинин чыгаша бөлүгү төмөнкү көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт:

(млн. сом)

| | 2020-ж. бекитилген бюджет | 2020-ж. такталган бюджет | Четтөө +/- |
|---|---|---|---|
| **Чыгымдар** | **57 105,0** | **57 414,2** | **+309,3** |
| Пенсиялык каражаттар боюнча | 52 352,5 | 53 013,5 | +661,0 |
| *анын ичинде:* | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Электр энергиясы үчүн компенсация менен пенсия | 47 633,4 | 47 999,6 | +366,2 |
| Аскер кызматчыларына пенсиялар | 3 050,3 | 3 311,2 | +260,9 |
| Аскер кызматчыларына бир жолку жөлөк пул | 24,0 | 36,0 | +12,0 |
| Жеткирүү боюнча чыгымдар | 294,6 | 342,4 | +47,8 |
| Банктык тейлөөгө чыгымдар | 15,0 | 14,0 | -1,0 |
| Резервдик фонд | 40,0 | 5,0 | -35,0 |
| Өнүктүрүү фонду | 46,0 | 56,0 | +10,0 |

Пенсиялык каражаттар боюнча чыгымдардын 661,1 млн сомго жогорулашы негизинен, электр энергиясы үчүн компенсация менен пенсиялардын, аскер кызматчыларынын пенсияларынын, аскер кызматчыларына бир жолку жөлөк пулдардын, жеткирүү үчүн чыгымдардын, Өнүктүрүү фондунун чыгымдарынын жогорулашы менен байланыштуу болгон.

Алсак, 2020-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиялардын базалык жана камсыздандыруу бөлүктөрү жогорулатылган. Социалдык фонддун бюджетинде пенсияны жогорулатуу үчүн 829,7 млн. сом каралган. 2020-жылдын акырына пенсионерлердин саны 688,7 миң адам чегинде болжолдонгон, ал эми пенсионерлердин факты жүзүндө саны 691,6 миң адамды түзгөн.

Резервдик фонддун каражаттары боюнча азайуу 35,0 млн. сомду түзгөн, бул Калкты тейлөө борбору үчүн имарат сатып алуу зарыл эместигине байланыштуу болгон.

(млн. сом)

| | 2020-жылга бекитилген план | 2020-жылга такталган план | Четтөө Гр3-гр2 | Аткарылды 2020-жылга | Четтөө 5-топ- 3-топ |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кирешелер** | **57 892,2** | **56 080,9** | **-1 811,3** | **56 056,1** | **-24,8** |
| ИДПга карата % | 8,7 | 9,6 | | 9,4 | |
| анын ичинде: | | | | | |
| *Пенсиялык фонд* | *53 139,7* | *51 680,2* | *-1 459,5* | *51 561,7* | *-118,5* |
| *МПТФ* | *1 867,3* | *1 724,9* | *-142,4* | *1 814,2* | *89,3* |
| *ММКФ* | *2 569,7* | *2 377,7* | *-192,0* | *2 381,9* | *4,2* |
| *ЭТФ* | *315,5* | *298,1* | *-17,4* | *298,3* | *0,2* |
| **Чыгымдар** | **57 105,0** | **57 414,2** | **309,2** | **56 635,9** | **-778,3** |
| ИДПга карата % | 8,6 | 9,8 | | 9,5 | |
| анын ичинде: | | | | | |
| *Пенсиялык фонд* | *52 352,5* | *53 013,5* | *661,0* | *52 261,9* | *-751,6* |
| *МПТФ* | *1 867,3* | *1 724,9* | *-142,4* | *1 814,2* | *89,3* |
| *ММКФ* | *2 569,7* | *2 377,7* | *-192,0* | *2 361,5* | *-16,2* |
| *ЭТФ* | *315,5* | *298,1* | *-17,4* | *198,3* | *-99,8* |
| **Профицит** | **787,2** | **-1 333,3** | *-2 120,5* | **-579,9** | **753,4** |
| **2020-жылдын акырына карата каражаттар калдыгы** | | **1 333,3** | | | |
| **ИДП** | 667 062,0 | **583 161,9** | -83 900,1 | **598 344,5** | 15 182,6 |

Социалдык фонддун чыгымдары 1-тиркемеде берилген.

Социалдык фонддун кирешелери жыл ичинде 1811,3 млн. сомго азайган,

чыгымдар 309,2 млн. сомго жогорулаган. Ошентип, 787,2 млн. сом суммасында профициттин ордуна, бюджеттин 1 333,3 млн. сомго тартыштыгы болжолдонууда.

Бюджеттин факты жүзүндө аткарылышы Социалдык фонддун бюджетинин кирешелер боюнча такталган параметрлеринин 24,8 млн. сомго, чыгымдар боюнча 778,3 млн. сомго жана бюджет тартыштыгы боюнча 753,4 млн. сомго аткарылбагандыгын көрсөткөн.

**Аныкталды 1**

Бюджетке киргизилген өзгөртүүлөр Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышына өбөлгө түзгөн жок. Алсак, такталган кирешелер 56 080,9 млн.сомду, иш жүзүндө аткаруу 56 056,1 миң сомду түзгөн же 24,8 млн. сомго аз. Такталган чыгымдар 57 414,2 млн. сомдун алдында, факты жүзүндө аткаруу 56 635,9 млн. сомду түзгөн, же Социалдык фонддун милдеттенмелери 778,3 млн. сомго аткарылган эмес. Бюджет тартыштыгы көрсөткүчүнөн четтөөсү 753,4 млн. сомду түзгөн.

Аудиттин пикири боюнча, кезектеги жылга Социалдык фонддун бюджети жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамын кабыл алуу менен катар эле, пенсияларды жана жөлөк пулдарды камсыздоо боюнча ведомстволук программаларды ишке ашырууга багытталган чаралар топтомун камтыган, Социалдык фонддун Бюджеттик программасын иштеп чыгуу, Социалдык фонддун бюджетин тагыраак болжолдоого өбөлгө түзөт.

Социалдык фонд пенсияларды ар бир айдын 10-числосунан тартып 26-числого чейин төлөөгө милдеттүү. Мында, пенсияларды жана башка пенсиялык төлөмдөрдү төлөөгө карата ай сайынкы талап кылынган 4,5 млрд. сом сумма алдында, бириктирилген баланска ылайык, Социалдык фонддун топтоо эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгы 2020-жылдын башында - 2 575,4 млн. сомду, 2020-жылдын аягында -1 771,3 млн. сомду түзгөн, бул болсо, накталай акча каражаттарынын кооптуу өлчөмү болуп эсептелет, ал кийинки жылдын январында пенсияларды жана пенсиялык төлөмдөрдү өз убагында жана толук төлөөнүн камсыздалышына кепилдик бербейт.

**Корутунду**

Кирешелер жана чыгымдар боюнча бекитилген чыгымдар боюнча 2020-жылга Социалдык фонддун көрсөтүлгөн бюджетине карата, кошумча чыгымдардын ордун жабуу булактары аныкталган эмес.

Бюджетке киргизилген өзгөртүүлөр Социалдык фонддун бюджетин аткарууга өбөлгө түзгөн эмес.

**Сунуштар**

1. Социалдык фонддун келерки жылга бюджетинин айкын долбоорун түзүү үчүн, Социалдык фонддун Башкармасынын 23.12.2016-жылдагы №96 токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетин түзүү жана аткаруу боюнча» Жобо төмөнкүлөрдү эске алып, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык келтирүү менен жеткире иштелип чыксын:

- камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн жана салык төлөөчүлөрдүн санын, алардын керектөө фондун;
- салык кызматынын камсыздандыруу төгүмдөрүн администрлөө көрсөткүчтөрүн;
- салык кызматы менен камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү жана камсыздандыруу төгүмдөрүн топтоо боюнча маалыматтык өз ара иш алып баруу.

2. Төмөнкүлөрдү регламенттөөчү ченемдик-укутук актыларды иштеп чыксын:

- Социалдык фонддун бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- Социалдык фонддун каражаттарынын эркин калдыктарын түзүүнү жана пайдаланууну;
- бюджет профицитин;
- Социалдык фонддун бюджетинин тартыштыгынын ордун жабуу булактарын аныктоону.

3. Пенсия жана жөлөк пул менен камсыздоо максатында, пенсиянын негизги бөлүгүн жыл сайын индексациялоону, материалдык-техникалык базаны жакшыртууну эске алуу менен, Социалдык фонддун Бюджет программасын иштеп чыгуу, ошондой эле аны ишке ашыруу индикаторлору маселесин кароо;

4. Жеке каражаттарынан келерки жылдын январында калкка төлөөнү кепилденген каржылоо максатында, кезектеги финансылык жылы Социалдык фонддун бюджети жөнүндө мыйзамга, отчеттук жылдын аягында кассалык жүгүртүүдөгү накталай акчалардын өлчөмү жөнүндө берене киргизилсин.

**Социалдык фондго республикалык бюджеттен трансферттер**

Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 56-беренесине жана "Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, репубикалык бюджеттен Социалдык фондго башында 22 008,0 млн. сом суммасына трансферттер каралган. Такталган план 22 536,7 млн. сомду же 528,7 млн. сомго көбүрөөктү түзгөн. Республикалык бюджеттен факты жүзүндө түшүү 22 536,7 млн. сомду түзгөн (факты жүзүндө 2017-жылы - 17 871,0 млн. сом, 2018-жылы - 20 326,5 млн. сом, 2019-жылы -21 039,0 млн. сом).

**Аныкталды 2**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун маалыматы боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин трансферттер боюнча карызы 01.01.2020-жылга карата 196,1 млн. сомду түзгөн. 2020-жылы республикалык бюджеттен толук көлөмдө бөлүнгөн акча каражаттары - 22 536,7 млн. сом сумасында түшкөн. Факты жүзүндө төлөөлөр 22 110,4 млн. сомду түзгөн. Ошентип, 2020-жылы жыл башына карата 196,1 млн. сом суммасында карыздын ордун жабууну эске алганда, ашыкча 230,2 млн. сом суммасында бөлүнгөн акча каражаттары түшкөн.

**Корутунду**

01.01.2021-жылга карата республикалык бюджеттен 230,2 млн.сом суммасына ашыкча трансферттер алынган (аудиттин жүрүшүндө республикалык бюджетке кайтарылган), ошентип, республикалык бюджеттен каражаттарды ашыкча пайдаланууга жол берилген.

**Сунуш**

Бюджеттик каражаттардын ашыкча алынышына жол бербөө максатында, республикалык бюджеттен трансферттер суммасын айкын пландаштырууну камсыз кылынсын.

**2019-2020-жылдарга пенсиялык камсыздоонун негизги көрсөткүчтөрү**

2020-жыл жыйынтыгы боюнча орточо пенсия 2019-жылга салыштырганда 108 сомго өскөн, мында орточо пенсиянын өсүш арымы 1,4%га төмөндөгөн. Орточо пенсиянын эмгек акыга карата катышы орточо эмгек акы 1261 сомго өскөн шартта 1,7%га төмөндөгөн.

| Көрсөткүчтөр | 2019-жыл | 2020-жыл | Четтөө |
|---|---|---|---|
| Компенсациялык төлөмдөрдү эске алуу менен орточо пенсия (сом) | 5786 | 5894,0 | +108 |
| Орточо пенсиянын өсүш арымы (%) | 103,2 | 101,9 | -1,4 |
| Орточо эмгек акы (сом) | 17232 | 18493 | +1261 |
| Орточо эмгек акынын өсүш арымы (%) | 104 | 107,3 | +2,4 |
| Орточо эмгек акынын орточо пенсияга карата катышы (%) | 33,6 | 31,9 | -1,7 |
| Пенсионердин бир айга тамак-ашка эсептелген сарптоолор (ПМП) (сом) | 4286,7 | 4785,4 | +498,7 |
| ПМП өсүш арымы (%) | 100,1 | 111,6 | +11,5 |
| Орточо пенсиянын пенсионердин ПМПга карата катышы (%) | 135,0 | 123,2 | -11,6 |
| Өткөн жылга карата керектөө бааларынын индекси (%) | 101,1 | 106,3 | 5,2 |

Пенсионерлердин категориялар боюнча саны жана акыркы үч жыл ичинде белгиленген пенсиялардын орточо өлчөмү тууралуу маалымат төмөндө келтирилген:

| Пенсионерлердин категориясы | Саны (адам) | | | Компенсациялык төлөмдөрсүз пенсиялардын орточо өлчөмү (сом) | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 01.01.20-ж. | 01.01.21-ж. | 01.01.19-ж. | 01.01.20-ж. | 01.01.21-ж. |
| **1. Жаш курагы боюнча** | | 511577 | 532039 | | 5935 | 6022 |
| 1.1 жеңилдетилген шарттарда | | 61845 | 63061 | | 3921 | 4865 |
| 1.2 өзгөчө салымы үчүн | | 1938 | 1759 | | 21570 | 23309 |
| **2. Майыптуулугу боюнча** | | 119776 | 121281 | | 4537 | 4719 |
| **3. Багуучудан ажырагандыгы боюнча** | | 37692 | 36966 | | 3558 | 3576 |
| **4. Аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлөсү** | | 1390 | 1293 | | 6461 | 6842 |
| **Бардыгы:** | | **670435** | **691579** | | **5553** | **5665** |

Берилген маалыматтарга ылайык, жыл сайын пенсионерлердин саны өскөндүгү байкалууда, 2019-жылга салыштырганда пенсионерлердин саны 21144 адамга өскөн. Алардын ичинен пенсионерлердин жаш курагы боюнча

олуттуу өсүшү - 20462 адам, майыптуулугу боюнча – 1505 адам, багуучудан ажырагандыгы боюнча алуучулардын саны 726 адамга азайган, аскер кызматчылары боюнча алуучулардын саны 97 адамга азайган.

Пенсиянын орточо өлчөмү 2020-жылы 112 сомго өсүп, орточо алганда 5665 сомду түзгөн. Жаш курагы боюнча пенсионерлердин орточо пенсиясы 2020-жылы 6022 сомду, өзгөчө салымы үчүн пенсия алган пенсионерлердин пенсиясынын орточо өлчөмү 23309 сомду, аскер кызматчыларынын пенсиясынын орточо өлчөмү 6842 сомду түзгөн ж.б..

**Аныкталды 3**

Төлөнбөгөн пенсиялардын калдыгы 01.01.2020-жылга карата 3999 пенсионерге 23 665,3 миң сомду, 01.01.2021-жылга карата 2255 пенсионерге 14 728,4 миң сомду түзгөн. Көрсөтүлгөн калдык Социалдык фонддун бириктирилген балансында көрсөтүлгөн эмес.

**Корутунду**

01.01.2021-жылга карата 14 728,4 миң сом суммасына пенсиялар боюнча төлөнбөгөн калдык, 2020-жылга Социалдык фонддун бириктирилген балансында көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуш**

Пенсиялар боюнча төлөнбөгөн калдыктын пайда болушун иликтеп, аны кыскартуу боюнча чаралар көрүлсүн. Банктардын жана "Кыргызпочтасы" МИнын ишине пенсиялардын белгиленген мөөнөттө өз убагында жана толугу менен төлөнүшүнө туруктуу негизде контролдоо жүргүзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен эсептешүүлөр (учурда Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги)**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттие кодексин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 26-апрелиндеги №2397-VI токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2019-жылга бюджеттик резолюциясын жана 2020-2021-жылга болжолдоолорду аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы тарабынан Социалдык фонддун операцияларын Бирдиктүү казына эсеби системасына которуу иштери жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, Социалдык фонддун бөлүштүрүлбөгөн эсебине салык кызматынын аккумуляциялык эсептери аркылуу Социалдык фонддун Борбордук аппаратына билдирүүсүз, 2020-жылдын 10-августунан тартып акча каражаттары түшүп турган, алардын суммасы 2020-жылдын акырына карата 96 521,2 миң сомду түзгөн. Социалдык фонд тарабынан Социалдык фонддун топтолмо эсебине каражаттардын өз убагында чегерилиши контролго алынбагандыктан бул каражаттар, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин тескөөсүндө турган. Мында, Социалдык фонд бул сумманы 2020-жылга Социалдык фонддун бюджетинин киреше бөлүгүндө бул акча каражаттары эсепке түшпөсө дагы эске алынган. Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы тарабынан 96 521,2 миң сом 2021-жылдын январь

айында Социалдык фонддун эсебине чегерилген.

**Аныкталды 4**

Социалдык фонддо финансылык отчеттуулукту даярдоо жана сунуштоо принциптерин жана негиздерин аныктоо үчүн, Эсепке алуу саясаты иштелип чыккан эмес, Социалдык фонддун киреше жана чыгымдар бөлүктөрү боюнча бюджеттин аткарылышын аныктоо тартиби жок.

Кирешелерди администрлөө функциясын салык кызматына өткөргөндөн кийин, Социалдык фонддун бюджетинин киреше бөлүгүн аткаруу салык кызматынын топтолмо эсептери аркылуу төлөөчүлөрдөн түшүүлөргө жараша аныкталат.

Ошол эле учурда Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдар бөлүгүн аткаруу, Социалдык фонддун "Айылбанк» АКнун топтомо эсептеринен көчүрмөлөргө ылайык аныкталат, андан Социалдык фонддун регионалдык органдарынын пенсияларды жана жөлөк пулдарды төлөөгө чыгымдарын каржылоо ишке ашырылат.

**Корутунду**

Социалдык фонддо Эсепке алуу саясаты иштелип чыккан эмес, Социалдык фонддун бюджетинин аткарылышын аныктоо тартиби жок.

**Сунуштар**

1. Финансылык отчеттуулукту даярдоо жана сунуштоо принциптерин жана негиздерин аныктоо максатында, Социалдык фонддун Эсепке алуу саясаты иштелип чыксын.
2. Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигинин алдындагы Борбордук казыналык менен биргеликте Социалдык фонддун бюджетинин киреше бөлүгүндө казына эсебине чегерилген түшүүлөрдү көрсөтүү тартиби аныкталсын.

**Аныкталды 5**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-февралындагы №64-б буйругу менен, 2010-жылдын июнь айындагы окуялардын натыйжасында жабыр тарткан жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2010-жылдын 19-июнундагы "Ош шаарындагы, Ош жана Жалал-Абад областтарындагы тартипсиздиктердин убагында жабыр тарткан жеке жана юридикалык жактар үчүн фискалдык преференциялар, жеңилдиктер жана мөөнөтүн узартуулар жана регионду турукташтыруу менен калыбына келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" декретинин алкагында мамлекеттик колдоо көрсөтүлгөн камсыздандырылган жарандар – ишкердик субъект жумушчуларынын пенсиялык укуктарын сактоо максатында:

1. Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча байкоо кеңешине Ош шаарында, Ош жана Жалал-Абад областтарындагы баш аламандыктар учурунда жабыр тартышкан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген реестрлерге кирген жеке адамдардын жана юридикалык жактардын камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызды каржылоо үчүн, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун резервдик фондунун каражаттарын 2010-жылдын 1-июнунан тартып 2012-жылдын 31-

декабрына чейинки мезгил үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүн шарттуу төлөө суммасынын көлөмүндө пайдалануу боюнча маселени карoo сунушталган.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын 2020-жылга каралган республикалык бюджетинде Ош шаарында, Ош жана Жалал-Абад областтарындагы баш аламандыктар учурунда жабыр тартышкан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген реестрлерге кирген жеке адамдардын жана юридикалык жактардын камсыздандыруу төгүмдөрүн шарттуу төлөө суммасынын көлөмүндө ордун жабуу үчүн каражаттарды караштырсын.

Кийинчерек Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №359-б буйругу менен, 2010-жылдын июнь айындагы окуялардын натыйжасында жабыр тарткан жана мамлекеттик колдоо көрсөтүлгөн камсыздандырылган жарандар – ишкердик субъект жумушчуларынын пенсиялык укуктарын сактоо максатында, Финансы министрлигине 2020-жылга каралган республикалык бюджетте 2010-жылдын 1-июнунан тартып 2012-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил ичинде Ош шаарында, Ош жана Жалал-Абад областтарындагы баш аламандыктар учурунда жабыр тартышкан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген реестрлерге кирген жеке адамдардын жана юридикалык жактардын камсыздандыруу төгүмдөрүнүн ордун жабуу үчүн Социалдык фондуна 174,9 млн.сом суммасында каражаттарды караштыруу тапшырмасы берилген.

Бул 174,9 млн. сом суммасы, 2018-жылдан тартып Социалдык фонддун бириктирилген балансында дебитордук карыз катары Финансы министрлигинин атында катталган.

**Корутунду**

2020-жылга Социалдык фонддун бюджетин түзүүдө Финансы министрлигинин атындагы 174,9 млн. сом суммасында дебитордук карыз эсепке алынган эмес.

**Сунуш**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги менен биргеликте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №359-б буйругун аткаруу максатында, 174,9 млн. сомдун ордун жабуу маселеси иштелип чыксын.

**Социалдык фонддун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо**

“Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммаларын фонддор боюнча бөлүштүрүү төмөнкү өлчөмдөрдө ишке ашырылат:

- Пенсиялык фондго - 15 пайыз;
- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна - 2 пайыз;

- Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна - 0,25 пайыз.

"Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун кирешелер жана чыгымдар боюнча такталган параметрлери 2 377,7 млн. сомду түзгөн. Факты жүзүндө аткаруу, кирешелер боюнча - 2 381,9 млн. сомду жана чыгымдар боюнча 2 361,5 млн. сомду түзгөн.

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоого 298,1 млн. сом суммасында каралган.

**Аныкталды 6**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 20.02.2012-жылдагы № 137 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө" жобого ылайык, камсыздандыруу төгүмдөрүн топтоо жана өз убагында Пенсиялык фондго, Мамлекеттик топтолмо пенсиялык фондуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна өткөрүп берүү Социалдык фонддун негизги функциялары болуп саналат.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жана Кыргызстан кесиптик бирлик федерациясы тарабынан Социалдык фонд тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун (ММКФ), Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун (ЭДЧФ) каржылоо тартиби иштелип чыккан жана кабыл алынган, ал Социалдык фонддун Башкармасынын 2016-жылдын 25-январындагы №4 токтому менен бекитилген.

Тартипке ылайык, ММКФга жана ЭДЧФга камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо үчүн Социалдык фонддун административдик чыгымдарын түзүүгө багытталган камсыздандыруу төгүмдөр суммасынан 3%дан ашпаган өлчөмдө акча каражаттар кармалат. Ошентип, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон сумма "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө"Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралгандан да аз өлчөмдү түзөт.

**Корутунду**

Социалдык фонддун Башкармасынын 2016-жылдын 25-январындагы №4 токтому менен бекитилген Социалдык фондду, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо тартиби "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 20.02.2012-жылдагы № 137 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө жобого" дал келбейт.

**Сунуш**

Социалдык фонддун Башкармасынын 2016-жылдын 25-январындагы №4 токтому менен бекитилген Социалдык фондду, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо тартиби, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 20.02.2012-жылдагы № 137 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө жобого ылайык келтирилсин.

**Аныкталды 7**

Социалдык фонд жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду ортосунда 08.04.2021-жылдагы өз ара эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү актысына ылайык, 01.01.2020-жылга карата Социалдык фонддун Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна карызы 107,3 млн. сомду түзгөн, жыл ичинде 2 418,2 млн. сом өлчөмүндө камсыздандыруу төгүмдөрү топтолгон, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 2 361,5 млн. сом которулган. Мында Социалдык фонд тарабынан 36,3 млн.сом суммасында топтолгон камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмүнөн 1,5% негизсиз кармалып калган.

01.01.2020-жылга карата Социалдык фонддун Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду алдында карызы 0,3 млн. сомду түзгөн, жыл ичинде 302,8 млн. сом суммасында камсыздандыруу төгүмдөрү топтолгон, Кыргызстан кесиптик бирлик федерациясына 198,3 млн. сом чегерилген. 01.01.2021-жылга карата карыз 100,3 млн.сомду түзгөн. Мында 4,5 млн.сом суммасында камсыздандыруу төгүмдөрүнүн топтолгон көлөмүнөн 1,5% негизсиз кармалган.

**Корутунду**

Социалдык фонд Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна тиешелүү 36,3 млн.сом, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна тиешелүү 4,5 млн. сом суммасында камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасынан 1,5%ды негизсиз кармалган.

**Сунуш**

Социалдык фонд, үч тарап ортосунда: Социалдык фонду, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду ортосунда түзүлгөн каржылоо тартиби "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө"Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык так келтирилсин.

2020-жылы негизсиз кармалган камсыздандыруу төгүмдөр Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 36,3 млн.сом суммасында, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна 4,5 млн.сом суммасында чегерилсин.

**Социалдык фонддун Резервдик фонду**

"Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө" Кыргыз

Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине ылайык, Социалдык фонддун финансылык туруктуулугун камсыздоо үчүн Резервдик фонд түзүлөт. Резервдик фондду түзүү жана пайдалануу тартиби Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча байкоо кеңеши тарабынан аныкталат.

"Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун резервдик фонду жөнүндө" жобо Социалдык фонддун Байкоо кеңеши тарабынан 2014-жылдын 26-июнунда №4 токтому менен бекитилген.

Резервдик фондутөмөнкү киреше булактарынын эсебинен түзүлөт:
- Пенсиялык фонддун убактылуу бош турган каражаттарын банктардагы депозиттерге жана кыска мөөнөттүү инвестицияларга (акцияларга, облигацияларга жана башка баалуу кагаздарга) жайгаштыруудан;
- коммерциялык банктарда эсептешүү эсептеринде же мөөнөттүү депозиттерде турган күнүмдүк акча каражаттар калдыгына чегерилген пайыздар түрүндө (Мамлекеттик топтолмо пенсиялык фондунун каражаттарынан тышкары);
- коммерциялык банктар, «Кыргыз почтасы» МИ жана башка ведомстволор тарабынан келишимдер аткарылбагандыгы үчүн түшкөн финансылык санкциялардан;
- чет өлкө валютасы менен операциялардан курстук айырмадан;
- камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен төлөөгө жөндөмсүз төлөөчүлөрдөн алынган товарлар кыймылынан (баадагы айырма);
- мамлекеттик субсиядиялар түрүндө жана башка мамлекеттик жардам түрлөрүнөн;
- юридикалык жактар жана/же жеке адамдардан максаттуу төгүмдөр түрүндө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка кирешелер.

01.01.2020-жылга карата Резервдик эсептин каражаттар калдыгы – 729,8 млн. сомду түзгөн. 2020-жыл ичинде Резервдик эсепке түшүүлөр 155,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинде:
- коммерциялык банктардагы күнүмдүк акча каражаттар калдыгына чегерилген пайыздар – 58,5 млн.сом;
- мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча пайыздар – 95,7 млн. сом;
- жайларды ижарага берүүдөн – 0,6 млн. сом;
- автомашиналарды жана башка негизги каражаттарды ишке ашыруудан – 0,2 млн. сом.

Фонддун каражаттары төмөнкүлөргө байланыштуу чыгымдардын ордун жабууга пайдаланылат:
- пенсияларды төлөөгө;
- ырым-жырымдарга (жерге берүүгө) жөлөк-пул төлөөгө;
- кайрымдуулук чараларын жана Мамлекеттик программаларынын алкагында жүргүзүлүүчү чараларды каржылоого;
- жалпыга маалымдоо каражаттарында консультациялык жана жарнамалык материалдарды жарыялоого, пенсиялык саясат боюнча зарыл адабияттарды сатып алууга чыгашаларды каржылоого;
- финансылык туруктуулукту камсыз кылууга, Социалдык фонддун жана анын

регионалдык органдарынын аларга жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды аткаруу боюнча ишин жакшыртууга багытталган чараларга чыгымдарды каржылоого.

**Аныкталды 8**

Социалдык фонддун Башкармасынын 13.10.2020-жылдагы №61 чечимине ылайык, “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2020-жылга карата бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамында өзгөртүүлөр жоктугуна карабастан, Резервдик фонддун каражаттарынан 13.10.2020-жылы Пенсиялык фонддун жетишсиз болгон бөлүгүн толуктоого 800,0 млн.сом чегерилген.

Бул каражаттар Резервдик фонддон убактылуу алынган, алар 31.12.2020-жылы Пенсиялык фонддун топтолмо эсебинен Резервдик фонддун эсебине кайтарылган.

Жобого ылайык Резервдик фонддун каражаттары кайрымдуулук чараларын (интернат үйлөрүнө, карылар үйүнө, Кайрымдуулук фондуна, жергиликтүү коомчулуктарга жана калкты социалдык жактан коргоого алган башка коомдук уюмдарга жардам) жана Мамлекеттик программалардын алкагында ишке ашырылган чараларды каржылоого пайдаланылат.

2020-жылы Резервдик фонддун каражаттарынын эсебинен жалпы 1 425,0 миң сом суммасына Жободо каралбаган чыгымдар жүргүзүлгөн, алардын ичинен:

| Багыты | Сумма (миң сом) | Негиздеме (№, Социалдык фонддун Башкармасынын токтому кабыл алынган күн) |
|---|---|---|
| Улуу Ата мекендик согуштагы жеңиштин 73 жылдыгын белгилөөгө Коомдук кайрымдуулук фондуларына | 1 150,0 | 30.04.2020-ж. №28 |
| Улгайган адамдар күнүнө карата | 200,0 | 30.09.2020-ж. №59 |
| Майыптар күнүнө карата | 75,0 | 02.12.2019-ж. №67 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 425,0** | |

**Корутундулар**

Социалдык фондго Резервдик фонддон 13.10.2020-жылы Пенсиялык фондун топтолмо эсебине 800,0 млн.сом суммасында каражаттар пенсия төлөө үчүн чегерилген. Бул каражаттар 2020-жылдын 31-декабрында Пенсиялык фондун топтолмо эсебинен Резервдик фонддун эсебине кайтарылган. Бирок, Резервдик фонд жөнүндө Жободо каражаттарды карызга алуу каралган эмес.

Резервдик фонддун каражаттарын Жободо каралбаган кайрымдуулук максаттарына пайдалануу жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

Резервдик фонддун каражаттарынын Социалдык фонддун Байкоо кеңешинин 2014-жылдын 26-июнундагы №4 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Резервдик фонду жөнүндө» жободо каралбаган максаттарга пайдаланылышына жол берилбесин.

**Социалдык фонддун «Кыргызпочтасы» МИ жана банктык**

**мекемелер менен пенсияларды жана башка төлөмдөрдү төлөө боюнча эсептешүүлөрү**

**Аныкталды 9**

Социалдык фонд тарабынан пенсияларды жана башка төлөөлөрдү төлөөгө бир айлык керектүү суммалар өлчөмүнүн туура аныкталышына талапка ылайык контролдук жүргүзүлбөгөндүктөн, Социалдык фонддун райондук башкармалыктары тарабынан керектөө суммаларынын көлөмү жогорулатылган. Натыйжада пенсиялык фонддун каражаттары райондук башкармалыктардын бөлүштүрүү эсептерине жогорулатылган көлөмдө чегерилип турган.

**Корутунду**

Социалдык фонддун райондук башкармалыктары тарабынан пенсияларды жана башка төлөөлөрдү төлөөгө зарыл болгон суммалар көлөмү жогорулатылган.

**Сунуш**

Пенсиялык фонддун каражаттарын ажыратуу фактыларына жол бербөө максатында, райондук башкармалыктардын пенсияларды төлөөгө ар айлык керектүү суммаларды аныктоо ишин контролдоо күчөтүлсүн.

**Аныкталды 10**

Социалдык фонддун Октябрь райондук башкармалыгында 2020-жылдын декабрь айына карата абал боюнча «Кыргызпочтасы» МИнын «Бишкек почтамт» филиалынын каражаттарынын эсебинен 289,6 миң сом жалпы суммасында пенсиялар төлөнгөн. Мында, Социалдык фонд тарабынан 289,6 миң сом айкын төлөмдөрдү тастыктоосуз пенсияларды айкын төлөөлөр катары көрсөтүлгөн.

**Корутунду**

Социалдык фонддун Октябрь райондук башкармалыгында “Кыргызпочтасы” МИнин “Бишкеки почтамт” филиалы 289,6 миң сомго факты жүзүндөгү төлөмдөрдү тастыктоосуз пенсияларды факты жүзүндөгү төлөөлөр катары көрсөтүлгөн.

**Сунуш**

Социалдык фонду “Кыргызпочтасы” МИнин “Бишкек почтамт”филиалынын каражаттарынын эсебинен 289,6 миң сом жалпы суммасына пенсиялар төлөнгөндүгү фактысынын аныктыгы текшерилсин.

**Аныкталды 11**

“Кыргызпочтасы” МИнын 01.01.2021-жылга карата дебитордук карызы 1 260,1 миң сомду түзгөн, анын ичинен, “Кыргызпочтасы” МИнын филиалдарынын кассаларындагы пенсиялык накталай акча каражаттарынын калдыктары 971,5 миң сом. Социалдык фонддо ар бир айдын 26-числосунда почтанын филиалдарынын кассаларындагы пенсиялык акча каражаттарынын калдыктарынын лимити бекитилген. Социалдык фонддо байланыш филиалдарынын кассаларындагы пенсиялык акча каражаттарынын калдыктарын пайдалануу максатын аныктаган ченемдик акт жок.

"Кыргызпочтасы" МИ менен Кадамжай РСФБнын өз ара эсептешүү актысына ылайык, пенсиялык каражаттардын калдыктары 85,0 миң сом бекитилген лимит алдында 306,4 миң сомду түзгөн. Ошол эле учурда бул датага карата Кадамжай району боюнча "Кыргызпочтасы" МИнын филиалы тарабынан 65 пенсионерине 363,0 миң сом суммасындагы пенсия төлөнгөн эмес.

Ушундай эле, Аламүдүн РСФБда "Кыргызпочтасы" МИнын кассасындагы акча каражаттарынын ай сайынкы жеткиликтүү калдыктары бөлүгүндө, талаптарды сактоо камсыздалган эмес, ал жерде, Аламүдүн РСФБ үчүн лимит 100,0 миң сом өлчөмүндө белгиленген.

**Корутунду**

Социалдык фонддо байланыш филиалдарынын кассаларындагы пенсиялык акча каражаттарынын калдыктарын пайдалануу максатын аныктаган ченемдик акт жок.

01.02.2020-жылга карата пенсиялык каражаттардын калдыктары 85,0 миң сом лимит алдында 306,4 миң сомду түзгөн. Ошол эле учурда бул датага карата Кадамжай району боюнча "Кыргызпочтасы" МИнин филиалы тарабынан 65 пенсионерине 363,0 миң сом суммасындагы пенсия төлөнгөн эмес. "Кыргызпочтасы" МИнин кассасындагы акча каражаттарынын ай сайынкы жеткиликтүү калдыктары бөлүгүндө, талаптарды сактоо камсыздалган эмес.

**Сунуш**

Байланыш филиалдарынын кассаларындагы пенсиялык акча каражаттарынын калдыктарын пайдалануу жөнүндө Жобо иштелип чыксын. "Кыргызпочтасы" МИ жылдын ар бир отчеттук айы аяктаганда лимитти сактасын жана МИнын филиалдарынын кассасындагы пенсиялык каражаттардын ченемден ашык калдыктарына жол берилбесин.

Пенсияларды жана башка төлөмдөрдү төлөөгө багытталган "Кыргызпочтасы" МИнын филиалдарынын кассасынан пенсиялык каражаттарды чыгымдоо контролдонсун.

**Социалдык фонддун мамлекеттик топтолмо пенсиялык фондунун каражаттарын түзүү жана пайдалануу**

Пенсиялык топтолмо каражаттарын инвестициялоо Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтоо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндө» мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-февралындагы №129 токтому менен бекитилген Башкаруучу компанияларды тандоо укугун пайдаланбаган камсыздандырылган адамдардын пайдасына түзүлгөн пенсиялык топтоо каражаттарын Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан башкаруунун эрежелеринин негизинде ишке ашырылат.

Пенсиялык топтолмо каражаттарын мамлекеттик баалуу кагаздарга жайгаштыруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жүргүзүлгөн аукциондордо катышуу аркылуу жүргүзүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2020-жылга каралган бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоолор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык МПТФнун кирешелер боюнча такталган планы 1 724,9 млн. сом суммасын түзгөн. МПТФна иш жүзүндө 1 814,2 млн. сом же 89,3 млн. сомго көп түшкөн.

Чыгымдар боюнча такталган план 359,6 млн. сомду түзгөн. Иш жүзүндө чыгашалар 256,7 млн.сомду же пландаштырылгандан 102,9 млн. сомго азга аткарылган (2-тиркеме).

Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна (МПТФ) баалуу кагаздарга пенсиялык топтомо 01.01.2020-жылга карата 18 554,2 млн. сом, 01.01.202-жылга карата – 22 501,1 млн. сом инвестицияланган же жыл ичинде баалуу кагаздардын өсүшү 3 946,9 млн. сомду түзгөн. Мында, 2 жылдык жана 3 жылдык мамлекеттик казына милдеттенмелерин эске албаганда, ар бир баалуу кагаздар түрүнө баа жогорулаган, алардын топтому тиешелүүлүгүнө жараша 587,1 млн. сомго жана 922,0 млн.сомго азайтылган.

Баалуу кагаздардын ордун жабууга жана аларды 2020-жылга жаңы баалуу кагаздарга 2 251,8 млн. сомго кайра инвестициялоого, ошондой эле бош турган башка суммаларды жаңы баалуу кагаздарды сатып алууга 3 770,9 млн. сомду багыттоого байланыштуу, каражаттарды Финансы министрлигинин баалуу кагаздарына иш жүзүндө жайгаштыруу 2020-жылы 6 022,7 млн. сомду же 01.01.2020-жылга карата баалуу кагаздар топтомунун номиналдык наркынан 32,5% түзгөн.

МПТФ каражаттары 2020-жылдын 1-январына карата 20 707,5 млн. сомду, 2021-жылдын 1-январына карата 24 656,3 млн. сомду түзгөн, б.а. 1 жыл ичинде 3 948,8 млн. сомго өскөн.

2020-жылы МПТФга 1 814,2 млн. сомго камсыздандыруу төгүмдөрү түшкөн.

**2020-жылы республиканын коммерциялык банктарына жайгаштырылган жана орду жабылган депозиттер**

Пенсиялык топтомолорду администрлөө МПТФнун өтүп жаткан жылдын ар бир чейрегине инвестициялык декларацияларына ылайык ишке ашырылат, алар Социалдык фонддун Башкармасы тарабынан бекитилет. 2020-жылы 4 (төрт) инвестициялык декларация бекитилген.

2020-жылы коммерциялык банктардын депозиттерине 1 546,2 млн. сом пенсиялык топтомолор жайгаштырылган, алардан 194,6 млн.сомго киреше алынган. Мында, коммерциялык банктардын депозиттерине жайгаштыруу үчүн берилген билдирмелердин суммасы 3 145,0 млн. сомду түзгөн.

Социалдык фонд 2020-жылы МПТФ каражаттары жалпы 7 568,95 млн. сом суммасына инвестицияланган:

1) 6 022,7 млн. сом жалпы суммасына мамлекеттик баалуу кагаздарга (мамлекеттик казына облигациялары (МКО).

2) 1 546,2 млн. сом суммасына депозиттик төгүмдөргө, анын ичинде:

| Банктардын аталышы | Жайгаштыруу мөөнөтү | Кирешелүүлүк (%) | Сумма (млн.сом) |
|---|---|---|---|
| Азия Банкы | 365 | 13,20-11,70 | 140,0 |
| Бакай Банк | 365 | 10,20 | 100,0 |
| Банк Компаньон | 547 | 12,70 | 70,0 |
| | 365 | 11,40-12,70 | 90,0 |
| Финка Банк | 547 | 12,60 | 100,0 |
| | 365 | 12,10 | 100,0 |
| Айыл Банк | 365 | 10,00-11,50 | 186,2 |
| Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы | 547 | 12,60 | 30,0 |
| | 365 | 12,00-12,10 | 200,0 |
| Кыргыз-Швейцария Банкы | 365 | 11,00 | 40,0 |
| Капитал Банк | 547 | 13,00 | 100,0 |
| | 365 | 10,00 | 30,0 |
| Халык Банк Кыргызстан | 365 | 10,25-11,00 | 360,0 |

2020-жылдын акырына баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү жыл башына салыштырганда, баалуу кагаздар наркы 2031-жылга чейин өзгөрбөсө, 5 028,2 млн. сомго (баалуу кагаздарды акыркы сатып алуу (10 жыл) 21.12.2020-жылы ишке ашырылган) 380,3 млн. сомго жылдык 10,5 % алдында) же орточо алганда жыл ичинде 502,8 млн. сомго өскөн.

2020-жылы баалуу кагаздардын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүк өткөн отчеттук жылга салыштырганда төмөндөө тенденциясына ээ болгондугу белгиленген, ал жалпы алганда 0,18 % (орточо салмактанган) түзгөн, мында, кирешелүүлүктүн кыйла көбүрөөк төмөндөөсү 10 жылдык МКО боюнча 1,19%, 5 жылдык МКО боюнча 0,99%, 1 жылдык МКО боюнча 0,76%, 3 жылдык МКО боюнча 0,68% байкалган.

Ошону менен бирге, каражаттарды кыйла көбүрөөк инвестициялоо МКО-7 топтомуна 3 039,7 млн. сом ишке ашырылган, бул 01.01.2021-жылга карата алардын наркынын 32,5% түзгөн, МКО-5 1 766,4 млн.сомго же анын наркынан 25,6%, МКО-10 1 216,5 млн. сомго же анын наркынан 29,1% ж.б.

Мурда инвестицияланган МПТФнын акча каражаттары боюнча 2020-жылдын 12 айы ичинде төмөнкү өлчөмдө кирешелер алынган:

- жайгаштырылган баалуу кагаздардан - 2 185,3 млн. сом;
- депозиттик аманаттар боюнча пайыздар – 194,6 млн. сом;
- МПТФнын эсептериндеги күнүмдүк акча каражаттар калдыгына чегерилген пайыздардан – 11,4 млн. сом.

Камсыздандырылган адамдарды тандоо боюнча 11,3 млн.сом суммасына топтомо пенсиялык фондуна (ТПФ) пенсиялык топтомо каражаттар которулган, алар 2020-жылдын акырына пенсиялык топтомо көрсөткүчүнүн чоңдугуна тиешелүү негизде таасирин тийгизген.

2020-жылы 2 391,3 млн. сом жалпы суммасына киреше алынган.

Мындан тышкары, 2020-жылдын январь-декабрь айларында төлөөлөр МПТФнын каражаттарынын эсебинен 223,7 млн. сом суммасына каржылоо ишке ашырылган, алуучулардын саны 11 771 адамды түзгөн, анын ичинде 2,2 млн. сом 20 адамга ипотекалык кредит үчүн берилген.

**Социалдык фондго таандык болгон баалуу кагаздар топтомунан**

**дивиденддердин түшүүсү**

01.01.2020-жылга карата Социалдык фонд төмөнкү акционердик коомдордун акцияларына ээлик кылган: «Электр станциялары» (13,174%), «Кыргызстана улуттук электр тармагы» (13%), «Бишкек жылуулук тармагы» (13%), «Ош электр» (13%), «Түндүк электр» (13%), «Жалал-Абад электр» (13%), «Чыгыш электр» (13%), «Кыргызтелеком» (12,51 %), АООТ НАП «Кыргызстан аба жолдору» (8,46%), "Манас" Эл аралык аэропорту" (8,46%), «Акыл» (8%), «Кыргызполиграфкомбинат» (8%), «Учкун» (8%), «Кыргызнефтегаз» (3,92%), «БМЗ» (8%) жана "Антибиотик"- (11,7 %).

Баалуу кагаздардын (акциялардын) жалпы номиналдык наркы 01.01.2020-жылга карата 1 183,2 млн. сомду түзгөн жана жыл ичинде өзгөргөн эмес.

01.01.2020-жылга карата акционердик коомдордун Социалдык фонд алдында дивиденддер боюнча 4,8 млн.сом жалпы суммасына карызы болгон, алардын ичинен "Чыгыш электр" ААКсы - 3,5 млн.сом, "Бишкек машина куруу заводу" ААКсы - 1,2 млн.сом.

Акционерлердин жалпы жылдык жыйынынын чечимдери менен 2019-жыл жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун акцияларынын үлүшүнө дивиденддер жалпы 131,3 млн.сом суммасына чегерилген. 2020-жылы 127,8 млн.сом суммасына дивиденддер түшкөн.

**Аныкталды 12**

2018-жылдын жыйынтыгы боюнча эсептелген дивиденддер боюнча "Бишкек машина куруу заводу" ААКнун 1,2 млн.сом суммасындагы карызы, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 04.08.2020-жылдагы №05-055/20 "2018-жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча дивиденддерди эсептөө жөнүндө акционерлердин жылдык жалпы чогулушунун чечимин жараксыз деп таануу жөнүндө" токтомунун негизинде жокко чыгарылган.

2020-жылдын аягында дивиденддер боюнча Социалдык фонддун алдындагы карызы 7,1 млн.сомду түзгөн: "Жалал-Абад электр" ААКсы - 3,3 млн.сом жана "Чыгыш электр" ААКсы - 3,8 млн.сом.

**Корутунду**

2020-жылдын аягында дивиденддер боюнча Социалдык фонддун алдындагы карызы 7,1 млн.сомду түзгөн: "Жалал-Абад электр" ААКсы - 3,3 млн.сом жана "Чыгыш электр" ААКсы - 3,8 млн.сом.

**Сунуш**

Социалдык фонддун бюджетине чегерилген дивиденддердин түшүүсү боюнча иштер жүргүзүлсүн.

## Социалдык фонддун административдик чыгымдары

Социалдык фондду күтүүгө 2020-жылга 875,9 млн.сом суммасына чыгашалар бекитилген, такталган бюджет 875,9 млн.сомду түзгөн, иш жүзүндө каржылоо 811,5 млн.сом суммасына жүргүзүлгөн же аткаруу 92,6% түзгөн. Эң эле олуттуу чыгашалар эмгек акыга (жалпы ишке ашырылган чыгашалардан 74,4%), Социалдык фондго төгүмдөргө (12,1%), башка

товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга (3,1%), башка чарба максаттары үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алууга (1,7%) ишке ашырылган (3-тиркеме).

Социалдык фонддун борбордук аппаратынын чыгашалары 155,9 млн.сомду же административдик чыгашалардын 17,8% түзгөн (4-тиркеме).

"Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине ылайык, Социалдык фонддун Башкармасынын 2013-жылдын 17-июнундагы №75 токтому менен "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлеринин эмгегине төлөөлөр жөнүндө" Жобо бекитилген.

Социалдык фонддун борбордук аппаратынын штаттык саны 232 бирдикте 3 394,6 миң сом суммасында ар айлык эмгек акы фонду менен бекитилген. Социалдык фонддун Башкармасынын 2020-жылдын 30-октябрындагы №64 токтомунун негизинде кызмат акыны жогорулатуудан кийин 2020-жылдын 1-октябрынан тартып ар айлык эмгек акы фонду 3 577,8 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды 13**

Социалдык фонддун Башкармасы тарабынан региондор боюнча штаттык сан бекитилип жаткан учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №473 токтомунда белгиленген мамлекттик кызмат орундарынын ченемдери сакталган эмес. Алсак, Социалдык фонддун региондук башкармалыктары боюнча ашыкча штаттык бирдиктер төмөнкүнү түзгөн: начальниктер курамы 42 бирдикке, башкы адистер 67 бирдикке, жетектөөчү адистер 40 бирдикке. Мында штаттык жүгүртмөдө 149 бирдик санда «адис» кызмат жок болуп чыккан.

Кызмат орундарынын ченемдик түзүмүндөгү дал келбестиктер бардык райондук/шаардык башкармалыктарда белгиленген.

Социалдык фонддун борбордук аппаратында 202 штаттык бирдиктин ичинен жетектөөчү кызмат орундар АБП - 49 бирдик, башкы адистер – 80 бирдик, жетектөөчү адистер - 73 бирдикти түзгөн. Мында, башкы адис кызмат орундарынын ченеми 19 бирдикке, жетектөөчү адис 12 бирдикке ашыкча болуп чыккан жана 1-категориядагы адистер каралган эмес (ченем боюнча 31 бирдикти түзүүгө тийиш эле).

Мамлекеттик кызмат орундар ченеминин сакталбагандыгы Социалдык фонддун Башкармалыктары боюнча эмгек акы фондунан болжолу менен 23,7 млн.сомго ашыкча чыгашаларга алып келген, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөр 3,5 млн.сомду, Социалдык фонддун борбордук аппараты боюнча тиешелүүлүгүнө жараша 3,0 млн.сомго, анын ичинде 0,4 млн.сомду түзгөн.

**Корутунду**

Социалдык фонддун Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №473 токтомунда белгиленген мамлекеттик кызмат орундарынын ченеми сакталган эмес, бул эмгек акы фондунан болжолу менен 23,7 млн.сомго, анын ичинде Социалдык фондго чегерүүлөрдү 3,5 млн.сомго, Социалдык фонддун борбордук аппараты боюнча тиешелүүлүгүнө жараша 3,0

млн.сомго, анын ичинде 0,4 млн.сомго ашыкча чыгымдарга алып келген.

**Сунуш**

Социалдык фонддун борбордук аппаратынын жана ведомствого караштуу башкармалыктарынын штаттык саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.08.2011-жылдагы №473 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административлык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомунун мамлекеттик кызмат орундарынын ченеми бөлүгүнө ылайык келтирилсин.

**Аныкталды 14**

Социалдык фонддун борбордук аппаратынын сметасы боюнча эмгек акыга такталган суммада 99,9 млн.сом касса чыгашалары 1,5 млн.сомго аз, же 98,4 млн.сомду түзгөн.

Мында айкалыштырып иштегендиги үчүн 54 адамга **187,4** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, Социалдык фондго чегерүүлөр **32,3** миң сомду, бардыгы болуп **219,7** миң сомду түзгөн.

Мындан тышкары мөөнөтүнөн мурда эмгек өргүүсүнөн чакыртылып алынган 68 кызматкерге **676,7** миң сом суммасында эмгек акы чегерилген жана Социалдык фондго чегерүүлөр **116,7** миң суммасын түзгөн. 68 кызматкердин ичинен 6 кызматкерге гана эс алуу убактысы берилген.

«МПТФ» мекемесинде эмгек өргүүсүнөн чакыртылып алынган 4 кызматкерге 42,9 миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн жана Социалдык фондго чегерүүлөр 7,4 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Социалдык фонддун борбордук аппараты боюнча эмгек акыга ашыкча суммалар пландаштырылууда, бул эмгек акыга чыгашаларды үнөмдөөгө алып келет жана эмгек өргүүдөн чакыртылып алынган кызматкерлерге эмгек акы төлөөгө, ошондой эле айкалыштырып иштөө үчүн кошумча төлөөгө мүмкүндүк берет.

Такталган сметага ылайык, Социалдык фонддун борбордук аппаратынын сметасы боюнча 99,9 млн.сом эмгек акыга касса чыгашалары 1,5 млн.сомду түзгөн, же 98,4 млн.сомго аз.

Мында айкалыштырып иштегендиги үчүн 54 адамга **187,4** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн, Социалдык фондго чегерүүлөр **32,3** миң сомду, бардыгы болуп **219,7** миң сомду түзгөн.

Мындан тышкары мөөнөтүнөн мурда эмгек өргүүсүнөн чакыртылып алуудан улам Социалдык фонддун бюджетине карата оорчулук **676,7** миң сомду, Социалдык фондго чегерүүлөр **116,7** миң суммасын түзгөн. «МПТФ» мекемеси боюнча тиешелүүлүгүнө жараша 42,9 миң сомду жана 7,4 миң сомду түзгөн.

**Сунуш**

Эмгек акы фондунан кошумча чыгымдарга жана Социалдык фондго чегерүүлөргө жол бербөө жана Социалдык фонддун бюджетине карата оорчулукту төмөндөтүү максатында:

- Эмгек акы фондун кыйла так пландаштыруу камсыздалсын;

- кызматкерлер менен өтүп жаткан жылы эс алуу убактысын берүү жөнүндө маселе чечилсин.

**Аныкталды 15**

2020-жылдын апрелинен тартып Ысык-Ата СФРБ кызматкери Н.Т. Дакиевага 20% кошумча төлөм белгиленген, учурда иш жүзүндө 25% төлөнгөн, мунун натыйжасында иштеген жылдар үчүн кызмат акыга кошумча төлөм 5,6 миң сом суммасында ашыкча төлөнгөн.

**Корутунду**

Ысык-Ата СФРБ иштеген жылдар үчүн кызмат акыга кошумча төлөм 5,6 миң сом суммасында ашыкча төлөнгөн.

**Сунуш**

Иштеген жылдар үчүн кызмат акыга кошумча төлөмдүн төлөнүшүнө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги кароого алынсын.

**Аныкталды 16**

Социалдык фонддун Окуу борбору мекемесинде Социалдык фондго төгүмдөрдү жана киреше салыгын (Салык кодексинин 167-беренеси) негизсиз кармап калуудан улам кызматкерлерге ден соолугун чыңдоого 50,8 миң сом суммасында дарылануу үчүн жөлөк пул жеткире төлөнгөн эмес.

**Корутунду**

Жобонун талаптарын бузуу менен, Социалдык фонддун Окуу борбору мекемесинин кызматкерлерине эмгек өргүү акысын чегерүүдө ден соолугун чыңдоо үчүн 50,8 миң сом суммасында дарылануга жөлөк пул жеткире төлөнгөн эмес.

**Сунуш**

Ден соолугун чыңдоо үчүн дарылануга жөлөк пул төлөөлөрүнүн ичинен 10% өлчөмүндө Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жана киреше салыгын кармап калууга жол берилбесин.

**Аныкталды 17**

2020-жылы командировкалык чыгымдарга айкын чыгашалар 1 503,1 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №471 токтомун бузуу менен, Социалдык фонддун борбордук аппаратында 8,6 миң сом суммасында командировкалык чыгымдар боюнча негизсиз төлөөлөр жүргүзүлгөн. **Баткен РСФБда** 7,7 миң сом (аудиттин жүрүшүндө кайтарылган), **Лейлек РСФБда** 5,3 миң сом (аудиттин жүрүшүндө кайтарылган).

**Корутунду**

Социалдык фонддун борбордук аппаратынын 7 кызматкери боюнча **8,6 миң сом** суммасында турак жай ижарага алуу үчүн, негизсиз төлөм жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

Отчет берүүчү адамдардын карызы катары эсепке алуу менен чагылдырылсын жана 8,6 миң сом суммасында негизсиз төлөнгөн командировкалык чыгымдарды кайтаруу боюнча иш чаралар эске алынсын.

**Аныкталды 18**

Социалдык фонддун борбордук аппаратынын балансында 7 кызматтык автотранспорттук каражаттар катталган, бул Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №767 токтомунда белгиленген ченемге ылайык келет.

Транспорттук каражаттар Бишкек шаарынын ичинде орточо алганда 55 км жүргөн, ал эми жол баракчаларында бул жүрүүлөр кайда жана кандай максатта жүргүзүлгөндүгү көрсөтүлгөн эмес.

Бишкек шаарында өзгөчө абал режими киргизилгендигине байланыштуу Социалдык фонддун 09.04.2020-жылдагы №120-б буйругуна ылайык Социалдык фонддун борбордук аппаратынын кызматкерлерин жеткирүү уюштурулган, ушуга байланыштуу 4 нөөмөттөгү транспорттук каражаттар үчүн күйүүчү майдын керектөө ченемдери көбөйтүлгөн (бир айга каралган 240 литр отундан тышкары күн сайын кошумча 40 литр күйүүчү майдын да каралган). Бирок жол баракчаларында багыты боюнча транспорттук каражаттардын пайдаланылгандыгы жөнүндө тастыктоолор жок, нөөмөттө турган транспорттун кызматтарынан пайдаланган кызматкерлердин аты-жөнү көрсөтүлгөн эмес.

Тастыкталаган баштапкы документтер боюнча 165,3 миң сом суммасында 4 036,72 литр күйүүчү май ашыкча керектелген.

1999-жылы чыгарылган, Ош СФШБнын балансында катталган “Lexus RX-300” маркасындагы автоунаасынын кыймылдаткычынын көлөмү 2995см3 түзөт, ал эми Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №767 токтомуна ылайык мамлекеттик органдын штаттык саны 50 адамга чейинки ведомствого караштуу бөлүмдөрүндө мамлекеттик органды тейлөө үчүн кыймылдаткычынын көлөмү 2700 см3 ашпаган нөөмөттөгү 1 жеңил автотранспорту каралат.

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзам талабын бузуу менен Ош ШСФБда бухгалтердик эсеп бөлүмүнүн жоопту адамдары жеңил автоунаа боюнча жол баракчаларын айдоочу кабыл алган күйүүчү майдын чыгашасынын көлөмүн аныктоо үчүн талап кылынган зарыл көрсөткүчтөрдү толтуруусуз кабыл алышкан.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген Автоунаа транспортунда күйүүчү майлоочу материалдарды сарптоонун линиялык ченемдерин пайдалануу жана аларды эсептөө методикасы боюнча эрежелерге ылайык, Социалдык фонддун райондук башкармалыктарында: Аламүдүн, Ноокат, Кара-Суу, Кызыл-Кыя, Свердлов, Биринчи Май, Ленин, Сокулук, Чүй-Токмок жана Ош шаардык башкармалыктарында автоунаанын эскиргендигин эске алуу менен, кыш жана жай мезгилдеринде күйүүчү майларды эсептен чыгаруу ченемдери иштелип чыккан эмес.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №767 токтомун бузуу менен, Социалдык фонддун борбордук аппаратында 165,3 миң сом суммасына 4 036,72 литр күйүүчү майлары лимиттен ашыкча керектелген.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автоунаа транспортунда отунду күйүүчү жана майлоочу материалдарды сарптоонун линиялык ченемдеринин пайдалануу жана аларды эсептөө методикасы боюнча эрежелерге ылайык, Социалдык фонддун райондук/шаардык башкармалыктарында автоунаанын эскиргендигин эске алуу менен, кыш жана жай мезгилдеринде күйүүчү майларды эсептен чыгаруу ченемдери иштелип чыккан эмес.

Ош СФШБнын балансында катталган автоунаанын кыймылдаткычынын көлөмү 2995см3 түзөт, ал эми талапка ылайык ал 2700 $см^3$ ашпоого тийиш эле.

**Сунуш**

Күйүүчү майларды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 токтомунда белгиленген ченем чегинде керектелиши контролго алынсын.

Күйүүчү майларды эсептен чыгаруу, талапка ылайык тариздelген жол баракчаларынын негизинде ишке ашырылсын.

**Аныкталды 19**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №767 токтомуна ылайык Социалдык фонддун борбордук аппаратына 6 транспорттук каражаттар каралган, алардын ичинен 5 – нөөмөттө турат.

Аудиттин пикири боюнча, Социалдык фонддун борбордук аппараты өз транспорттук паркын ведомстволорго караштуу түзүмдүк башкармалыктардын автоунааларынын эсебинен жаңыртып турат.

Алсак, 2020-жылы Социалдык фонддун буйруктарынын негизинде Ленин РСФБга 2007-жылы чыгарылган «Тойота Камри» маркасындагы автоунаа өткөрүлүп берилген. Өз кезегинде Ленин РСФБ Базар-Коргон РСФБга 2005-жылы чыгарылган «Тойота Камри» үлгүсүндөгү автоунааны өткөрүп берген, ал эми Базар-Коргон РСФБ 2011-жылы чыгарылган «Тойота Камри» үлгүсүндөгү автоунааны Социалдык фонддун борбордук аппаратынын балансына өткөрүп берген.

Мындан тышкары, Социалдык фонддун Башкармасынын 14.01.2019-жылдагы №3 токтомунун негизинде «Кара-Балта тоо-кен комбинаты» ААКсынын 2752,1 миң сом суммасында камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызынын бөлүгүн, анын ичинде 550,4 миң сом суммасында туумдардын ордун жабуунун эсебинен, Жайыл РСФБнын балансына 2014-жылы чыгарылган «Тойота Лендкрузер Прадо» үлгүсүндөгү автоунаа кабыл алынган.

Социалдык фонддун 13.12.2019-жылдагы №347-б буйругуна ылайык бул автомашина Жайыл РСФБ тарабынан Социалдык фонддун борбордук аппаратына убактылуу жөнөтүлгөн, андан кийин Социалдык фонддун Башкармасынын 03.08.2020-жылдагы №47 токтомуна ылайык, Социалдык фонддун борбордук аппаратынын балансына өткөрүлүп берилген, бул үчүн административдик чыгаша каражаттарынын эсебинен, Жайыл РСФБнын топтоо эсебине «КГРК» ААКсынын камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча

негизги карыздын ордун жабуу үчүн, 2201,7 миң сом жана туумдар боюнча 550,4 миң сом суммасында каражаттар которулган.

**Корутунду**

Социалдык фонддун Башкармасынын чечимдери менен жаңы автоунааларды борбордук аппаратынын балансына кабыл алган, ал эми эскилиги жеткен автоунаалар Социалдык фонддун регионалдык башкармалыктарына өткөрүлүп берилген.

**Сунуш**

КР Социалдык фондунун борбордук аппараты жана райондук башкармалыктары тарабынан автоунаалардын пайдаланылышына иликтөө жүргүзүлсүн.

**Аныкталды 20**

Өзгөн РСФБ административдик имаратын куруу иши «Грузотрейд» ЖЧКу тарабынан 27.07.2020-жылдагы келишимдин негизинде башталган, келишимге ылайык анын суммасы 11 519,7 миң сомду түзгөн. Келишимге ылайык иштерди аяктоо мөөнөтү 2020-жылдын 20-декабрына белгиленген.

Социалдык фонддун бюджетинен подрядчыга 11 519,7 миң сом которулган, ал аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында 7 579,0 миң сомго иш көлөмүн аткарган. Ошентип, 01.01.2021-жылга карата буйрутмачынын дебитордук карызы 3 940,7 миң сомду түзгөн.

Ашыкча чегерилген каражаттарга карата «Коммерциялык банк Кыргызстан» ААКнун Ош областындагы филиалынын акча каражаттарын «Грузотрейд» ЖЧКнун эсебине аткарылган иштер актысын, ошондой эле Өзгөн РСФБнын начальнигинин макулдук катын сунуштаган учурда гана чегерүүнү кепилдеген каты бар.

Аудит жүргүзүлгөн учурга карата объект пайдаланууга берилген эмес. Айыптык төлөмдүн эсептик суммасы келишимге ылайык 11,5 миң сомду түзгөн.

Тандалма контролдук ченөөнүн жүрүшүндө, иш көлөмү ашыкча бааланганды белгиленген, аларды өз ара эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү актысын түзүү менен жумуш актаруучу «Грузотрейд» ЖЧКнун аткарган иш көлөмүнөн жокко чыгаруу зарыл (объект боюнча иштер акырына чейин аткарылган эмес).

Ат-Башы РСФБнын имаратында жумуш актаруучу «Бейшембай Курулуш» ЖЧКнун капиталдык ондоо иштерин жүргүзүүдө курулуш-куроо иштерин 97,5 миң сомго жогорулаткандыгы белгиленген (аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген).

**Корутунду**

Жумуш актаруучу «Грузотрейд» ЖЧК тарабынан Өзгөн РСФБнын административдик имаратын куруу ишин аяктоо мөөнөтү сакталган эмес. Ал эми Социалдык фонддун бюджетинен жумуш актаруучуга 11 519,7 миң сом которулган, ал аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында 7 579,0 миң сомго иш көлөмүн аткарган. Буйрутмачынын дебитордук карызы 3 940,7 миң сомду түзгөн. Келишимге ылайык айыптык төлөмдүн эсептик суммасы 11,5 миң

сомду түзгөн.

Жумуш актаруучулар тарабынан аткарган курулуш-куроо иштеринин көлөмүн жогорулаткандыгы белгиленген:

- "Грузотрейд" ЖЧК (Өзгөн РСФБ) 304,0 миң сомго;
- "Бейшембай Курулуш" ЖЧК (Ат-Башы РСФБ) 97,5 миң сомго (аудиттин жүрүшүндө кайтарылган).

**Сунуштар**

Өзгөн РУСФ:

- келишимине ылайык жумуш актаруучу "Грузотрейд" ЖЧКнан курулуш иштерин аткаруу мөөнөтүн бузгандыгы үчүн айыптык төлөм өндүрүү, анын эсептик суммасы 11,5 миң сомду түзгөн;
- 304,0 миң сомго өз ара эсептешүүлөрдү салыштырып текшерүү актысын түзүү менен, жумуш актаруучу "Грузотрейд" ЖЧКун иштерди аткаруудан бошотуу;
- жумуш актаруучу "Грузотрейд" ЖЧКсын ишенимсиз сунуштоочулар (жумуш актаруучулар) базасына кошууну демилгелөө.

**Аныкталды 21**

Сузак РСФБнын 2020-жылы үчүн бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук маалыматы боюнча Сузак РСФБнын административдик имаратын курууга 2009-жылдан тартып Социалдык фонддун каражаттарынын жалпы 11 244,4 миң сом суммасында чыгымдар ишке ашырылган, алар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талабын бузуу менен Сузак РСФБнын административдик имаратынын наркын көбөйтүүгө которулган эмес.

**Корутунду**

Сузак РСФБ тарабынан 11 244,4 миң сом суммасына административдик имаратты курууга чыгашалар наркын көбөйтүүгө которулган эмес.

**Сунуш**

Сузак РСФБ 11 244,4 миң сом суммасын административдик имаратты курууга кеткен чыгымдар имараттын наркына кошууну ишке ашырсын.

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Өнүктүрүү фонду**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Башкармалыгынын 28.03.2006-жылдагы №38 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Өнүктүрүү фондун түзүү жана аткаруу жөнүндө" жобо. Өнүктүрүү фондун түзүү булактары катары төмөнкүлөр саналат:

- камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү жана төлөө тартибин жана мөөнөттөрүн бузуу үчүн төлөөчүлөрдөн өндүрүлгөн туумдар жана айып акчалар суммасы, камсыздандыруу төгүмдөрү;
- өз ыктыярдуу финансылык жардам, юридикалык жактардын жана жеке адамдардын гранттары;
- өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен сатылып алынган

негизги каражаттарды сатуудан алынган каражаттар.

Өнүктүрүү фондунун каражаттары төмөнкү максаттарга бекитилген чыгымдар сметасына ылайык пайдаланылат:

- Социалдык фонддун жана анын регионалдык органдарынын материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү жана бекемдөө;
- Социалдык фонддун кызматкерлерине демилгелөөчү мүнөздөгү бир жолку сый акылар жана төлөмдөр;
- Социалдык фонддун кызматкерлерине займдарды берүү;
- Социалдык фонддун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо боюнча окууларды, семинарларды, конференцияларды уюштуруу жана өткөрүү.

2020-жылга карата Социалдык фонддун Борбордук аппаратынын Өнүктүрүү фондунун атайы эсебине 34,5 млн. сом түшкөн (Социалдык фонддун регионалдык башкармалыктары тарабынан түшкөн туумдардын жана айыптык санкиялардын 50%ын чегерүү). Өнүктүрүү фондунун чыгымдар сметасы 28,0 млн. сом суммасында бекитилген. Касса жана айкын чыгымдар 22,9 млн.сомду, анын ичинде тамак-ашка – 6,7 млн.сомду, ар кандай сый акыларга 6,1 млн.сомду, жол кире үчүн компенсация 1,7 млн.сомду ж.б. түзгөн.

**Аныкталды 22**

КР Социалдык фондунун Өнүктүрүү фондунун каражаттары негизинен сыйлоого, материалдык жардам берүүгө жана ар башка кошумча төлөөлөргө, эмгек акыга үстөк төлөөлөргө, ар кандай социалдык төлөөлөргө пайдаланылат.

Мында Социалдык фонддун материалдык-техникалык базасын бекемдөөгө каражаттар жумшалган эмес. Алсак, Социалдык фонддун бир катар райондук башкармалыктары капиталдык ремонт талап кылынган имараттарда же ижарага алынган жайларда жайгаштырылган, анда административдик-башкаруучулук чыгымдардын эсебинен төлөнүүчү жылдык ижара төлөмү 3,7 млн.сомду түзгөн.

**Корутунду**

КР Социалдык фондуна аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында Өнүктүрүү фондунун каражаттары негизинен сыйлоого, материалдык жардам берүүгө жана ар башка кошумча төлөөлөргө, эмгек акыга үстөк төлөөлөргө, ар кандай социалдык төлөөлөргө жумшалган. Мында Социалдык фонддун жана анын регионалдык органдарынын материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө Өнүктүрүү фондунан каражаттар бөлүнгөн эмес.

**Сунуш**

Социалдык фонддун өнүктүрүү фондунун каражаттарын пайдалануу үчүн артыкчылыктуу багыттар аныкталсын, аларды эске алуу менен, Социалдык фонддун Өнүктүрүү фондунун чыгымдар сметасын түзүү үчүн чыгымдар ченеми аныкталсын.

**Аныкталды 23**

Бекитилген чыгымдар сметасында күндөлүк чарба максаттарына буюмдарды жана материалдарды сатып алууга чыгымдарга 6 210,0 миң сом каралган, касса чыгымдары 1 206,7 миң сомду, факты жүзүндө чыгымдар – 1 205,3 миң сомду түзгөн.

Факты жүзүндөгү чыгымдар төмөнкү максаттарга жүргүзүлгөн:

- пенсионерлерге жана кызматкерлерге материалдык жардам көрсөтүү – 544,0 миң сом;
- кызматкер каза болгон учурда анын 10 кызматтык эмгек акысы өлчөмүндө анын үй-бүлөсүнө бир жолку жөлөк акча төлөө – 306,0 миң сом;
- минералдык сууга чыгымдар – 226,3 миң сом;
- өкүлчүлүк чыгымдары – 75,1 миң сом;
- кыймылсыз мүлктү коргоо үчүн кызматтарда төлөөгө – 40,4 миң сом;
- волейбол топторун сатып алуу – 10,0 миң сом;
- башка чыгымдар (банктын комиссиясы ж.б.) – 3,6 миң сом.

Кызматкерлерге 306,0 миң сом өлчөмүндө бир жолку жөлөк акча төлөө ушул берененин негизсиз чыгымдары болуп эсептелет.

Ыссык-Ата РСФБ Өнүктүрүү фондунун чыгымдар сметасынын "Башка сатып алуулар жана кызмат көрсөтүүлөр" беренеси боюнча 211,4 миң сомго касса чыгымдары жүргүзүлгөн, бул бекитилген чыгымдар сметасынан 19,6 миң сомго көп.

**Корутунду**

Өнүктүрүү фондунун эсебинен "Күндөлүк чарба максаттарына буюмдарды жана материалдарды сатып алуу" беренеси боюнча Социалдык фонддун кызматкерлерине 306,0 миң сом өлчөмүндө бир жолку жөлөк акча төлөөгө негизделбеген чыгымдар жүргүзүлгөн.

Ысык-Ата РСФБ Өнүктүрүү фондунун чыгымдар сметасынын "Башка сатып алуулар жана кызмат көрсөтүүлөр" беренеси боюнча касса чыгымдар бекитилген чыгымдар сметасынан 19,6 миң сомго көбүрөөк жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

Социалдык фонддун Өнүктүрүү фондунун беренелер боюнча чыгымдары так максаттуу багыты боюнча жүргүзүлсүн.

**Аныкталды 24**

2015-жылдан тартып Социалдык фонддун кызматкерлерине 46,3 млн.сомго ссуда берилген, алардын 22,4 млн.сомунун кайтарылган, анын ичинде 2020-жылы 7,8 млн.сом. 01.01.2021-жылга карата кайтарылбаган ссуда калдыгы 23,8 млн.сомду түзөт.

2020-жылы Социалдык фонддун кызматкерлерге займдарды берүү боюнча комиссиясынын отурумунун 2020-жылдын 8-сентябрындагы №2 протоколунун жана Социалдык фонддун 2020-жылдын 11-сентябрындагы №248-б буйругунун негизинде, 5 350,0 миң сом суммасына каражаттар бөлүнгөн.

Мында Социалдык фонддун Башкармасынын 14.09.2016-жылдагы №100 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлерине займдарды берүү тартиби жөнүндө» Жобонун,

турак жай сатып алуу, турак жай шарттарын жакшыртуу ж.б. зарылдыгын тастыктаган документтерди талап кылуу жагында талаптары сакталбай келген.

Ссуда алган адамдар займдын максаттуу пайдаланылышын тастыктаган документтер талап кылынган эмес (келишимдердин, чектердин, квитанциялдардын ж.б. көчүрмөлөрү).

**Корутунду**

Социалдык фонддун кызматкерлерине ссудалар кызматкердин материалдык абалын кылдат иликтөөсүз берилет. Берилген ссуда суммасына Социалдык фонддун бухгалтериясына займдын максаттуу пайдаланылышын тастыктаган документтер талап кылынган эмес.

**Сунуш**

Социалдык фонддун Өнүктүрүү фондунан ссудаларды берүү тартипке келтирилсин, ссудалар бардык зарыл документтер болгон учурда гана берилсин. Карыз алуучу-кызматкерлер берилген ссуданын максаттуу пайдаланылышын тастыктаган документтерди тапшыруусу амсыздалсын.

**Аныкталды 25**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Өнүктүрүү фондун пайдалануу тартибине ылайык, Социалдык фонддун төрагасы башка регионалдык органдардын талаптагыдай ишин камсыз кылуу үчүн зарыл шарттарды түзүү максатында регионалдык органдарды Өнүктүрүү фондунан каражаттарды алууга укуктуу.

Жогоруда белгиленген Тартипке ылайык, Социалдык фонддун тигил, же бул регионалдык органдарынын ишин жакшыртууга багытталган так иш-чаралар планы жоктугуна карабастан, Социалдык фонддун 23.07.2020-жылдагы №194-б буйругу менен Социалдык фондго борбордук аппараттын Өнүктүрүү фондунун эсебине регионалдык органдардын Өнүктүрүү фондунун пайдаланылбаган акча каражаттарын кайтаруу тапшырылган. Ошентип, жалпы 10,0 млн.сом суммасына 6 регионалдык органдын Өнүктүрүү фондунун пайдаланылбаган акча каражаттар калдыгы өндүрүлгөн.

**Корутунду**

Социалдык фонддун тигил же бул регионалдык органдарынын ишин жакшыртууга багытталган так иш-чаралар планы жоктугуна карабастан, жалпы 10,0 млн.сом суммасына 6 регионалдык органдын Өнүктүрүү фондунун пайдаланылбаган акча каражаттар калдыгы өндүрүлгөн.

**Сунуш**

Тигил же бул регионалдык органдарынын ишин жакшыртууга багытталган так иш-чаралар планы жок болгондуктан, 10,0 млн.сом суммасында регионалдык башкармалыктарды Өнүктүрүү фондунан негизсиз алынган каражаттар регионалдык башкармалыктарга кайтарылсын.

**Мамлекеттик сатып алууларга аудит**

2020-жылга такталган сатып алуулар планы 42,4 млн.сом суммасында бекитилген. Социалдык фонддун борбордук аппараты тарабынан 32,0 млн.сом суммасына 39 сынак тооруктары жүргүзүлгөн, алардын ичинен:

Аппараттын каражаттарынын эсебинен – 21,9 млн.сом суммасына 37 тендер,

Өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен – 0,2 млн.сом суммасына 1 тендер,

Пенсиялык фонддун бюджетинин эсебинен – 9,9 млн.сом суммасына 1 тендер.

Өткөрүлгөн 39 сынак тооруктарынын ичинен 28 жөнөкөйлөтүлгөн ыкмада өткөрүлгөн, 10 – түз келишим түзүү ыкмасында жана 1 – бир баскычтуу ыкмада.

**Аныкталды 26**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 331-пунктуна ылайык, аванстык төлөмдөр суммасы (алдын ала төлөө) келишимдин жалпы суммасынын 10 пайызынан ашпоого тийиш. Товарларды, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоого келишимдер боюнча авансларды төлөө (алдын ала төлөө) банктык гарантияларды сунуштоо боюнча, ал эми кийинки төлөөлөрдүн суммасын төлөө аткарылган иштер актысын жана эсеп-фактураларды сунуштоо боюнча жүргүзүлөт.

Бирок, Социалдык фонд тарабынан товарларды жана кызматтарды сунуштоочулар менен түзүлгөн келишимдерде сатып алууда банктык гарантия жоктугуна карабастан келишим суммасынан 50% өлчөмүндө аванстык төлөмдөр каралган жана чегерилген:

- 25 компьютер принтерлери - ЖИ А.В. Едутовго 606,2 миң сом,
- кеңсе товарлары - ЖИ Л.Н. Орозакуновага 466,6 миң сом,
- Социалдык фонддун Информациялык тармак башкармалыгында өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча кызматтар - «Акфорта» ЖЧКга 4 469,4 миң сом,
- уюштуруу техникасынын материалдарынын чыгымдары - ЖИ А.В. Едутовго 1416,1 миң сом.

Мында кабыл алуу-өткөрүп берүү актыларында ЖИ А.В.Едутовдон кабыл алынган принтерлер, ЖИ Л.Н. Орозакуновадан кабыл алынган кеңсе товарлары боюнча сынак тооруктарынын негизги талаптары катары саналган техникалык параметрлер көрсөтүлгөн эмес. Мындан тышкары, ЖИ Л.Н.Орозакуновадан кабыл алынган кеңсе товарларын кабыл алуу-өткөрүп берүү актысында сунуштоо суммасы көрсөтүлгөн эмес.

Ошентип, 4 келишим боюнча гана алдын ала төлөм банктык кепилдик жоктугуна карабастан 6 958,3 миң сомду түзгөн, мында коррупциялык тобокелдиктерди жана Социалдык фонддун бюджеттик каражаттарын жоготуу тобокелдиктерин жокко чыгарууга болбойт.

Ала-Бука РСФБда конторага жабдууларды сатып алууга сынак өткөрүүдө 1,1 миң сомго жогору бааны сунуштаган катышуучу сынактын жеңүүчүсү катары туура эмес аныкталган.

Сынак документтеринин шарттарын бузуу менен Ысык-Ата РСФБ

«Денник Ли» ЖЧКна аванс түрүндө 415,8 миң сом которгон.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талабын бузуу менен Социалдык фонд товарларды жана кызматтарды сунуштоочулар менен түзгөн келишимдерде банктык гарантия жоктугуна карабастан жалпы 6 958,3 миң сом суммасына 4 келишим боюнча гана сатып алууларда келишим суммасынан 50% өлчөмүндө аванстык төлөмдөр каралган жана которулган.

Социалдык фонддун райондук башкармалыктары сатып алууларды жүргүзүүдө кемчиликтерге жол берилген.

**Сунуш**

Товарларды жана кызматтарды сунуштоочулар менен келишимдерди түзүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 331-пунктунун аванстык төлөмдөр өлчөмүнө жана сунуштоочу (подрядчы) тарабынан аванстык төлөмдөр суммасына банктык гарантияларды сунуштоого тиешелүү талаптары сакталсын.

Социалдык фонддун райондук/шаардык башкармалыктары мамлекеттик сатып алууларды «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жүргүзүлүшү контролдонсун.

**Камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөнүн эсебинен айыл жергесинин товар өндүрүчүүлөрүнөн буудай данын кабыл алуу**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетин аткаруу чаралары жөнүндө өз токтомдору аркылуу (06.03.2003-жылдагы №109, 05.03.2004-жылдагы №129, 03.03.2005-жылдагы №115, 06.05.2006-жылдагы №327, 10.09.2007-жылдагы №403) жыл сайын камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөнүн эсебинен айыл жергесинин товар өндүрүчүүлөрүнөн буудай данын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу монополияга каршы саясат боюнча мамлекеттик комиссия тарабынан аныкталуучу баалар боюнча кабыл алууга уруксат берген.

Ушул эле токтомдордо төлөөчүлөрдүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен банктык мекемелердеги эсептешүү эсептери аркылуу акча каражаттарын максаттуу өткөрүү менен камсыздандыруу фондуларына кызматтарды (иштерди) сунуштаган уюмдар менен өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө жол берилген.

Социалдык фонддун Башкармасынын 02.05.2003-жылдагы №41 токтому менен «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсебинен айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү-төлөөчүлөрдөн азык-түлүк буудай данын кабыл алуу жана эсепке алуу жол-жобосу» бекитилген (2009-жылдын 20-июлундагы №241 «Кыргыз

Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 36-беренесине ылайык аракети токтотулган).

Аталган жоболорго ылайык, Социалдык фонддун райондук башкармалыктары төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартышат:

- райондун, шаардын бардык тегирмендеринин техникалык-экономикалык кубаттуулугун чагылдырган документтердин (көчүрмөлөрдүн) толуктугу, аныктыгы жана тууралыгы үчүн;

- "Буудай данын кабыл алуу, сактоо жана иштеп чыгаруу жөнүндө" келишимди толук, анык жана туура түзүлүшү үчүн.

Айыл чарба продукциясын өндүрүшчүнүн камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызды азайтуу үчүн негиз катары өз ара чегеришүү протоколунан көчүрмө саналат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аталган токтомдорунун негизинде, 2004-2008-жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу монополияга каршы саясат боюнча мамлекеттик комиссия тарабынан аныкталган баалар боюнча буудай данын кабыл алуу айыл жергесинин товар өндүрүүчүлөрүнөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн ордун жабуу ишке ашырылган.

**Аныкталды 27**

Социалдык фонддун райондук жана шаардык башкармалыктары камсыздандыруу төгүмдөрүнүн төлөөнүн эсебинен айыл жергесинин товар өндүрүчүүлөрүнөн буудай данын кабыл алууда Жол-жободо белгиленгендей аны андан ары унга тартуу үчүн тегирмен менен келишим түзгөн эмес жана буудай данын тегирменге тапшырган эмес, данды жеке адамдарга жана юридикалык жактарга сатууга жана жеңилдетүүгө сунушташкан.

Тегирмен менен "Буудай данын кабыл алуу, сактоо жана тартып чыгаруу жөнүндө" келишим түзгөн учурда, Социалдык фонддун райондук бөлүмү азык-түлүк буудай данын 3-класстан төмөн эмес класста тартып чыгарган шартта, андан ары сатып өткөрүү үчүн ун сортторуна, дан калдыктарына жана кебекке ээ болмок жана банкка тапшыруу жана Социалдык фонддун тиешелүү эсебине чегерүү үчүн пайда алмак, бул Социалдык фонддун бакшкармалыктары тарабынан талапка ылайык ишке ашырылган эмес.

01.01.2021-жылга карата Социалдык фонду буудайды өткөрүп берүүдө жана сатып өткөрүүдө жол берген жоготуулардын суммасы **55,1 млн.**сомду түзгөн, алардын ичинен буудайдын наркы 51,4 млн.сомду жана буудайды жана буудайды сатуудан түшкөн акчасын өз убагында кайтарбагандыгы үчүн туум 3,7 млн.сомду түзгөн.

**Корутунду**

01.01.2021-жылга карата Социалдык фонду буудайды өткөрүп берүүдө жана сатып өткөрүүдө жол берген жоготуулардын суммасы **55,1 млн.**сомду түзгөн, алардын ичинен буудайдын наркы 51,4 млн.сомду жана буудайды жана буудайды сатуудан түшкөн акчасын өз убагында кайтарбагандыгы үчүн туум 3,7 млн.сомду түзгөн.

**Сунуш**

Сот жана укук коргоо органдары менен күнөөлүү адамдардан сунушталган жана өткөрүлгөн буудай данынын наркын өндүрүү жана калыбына келтирүү боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды 28**

Аламүдүн РСФБда Д.Курбановага иш стажын туура эмес белгилөөгө байланыштуу, 1129,04 сомго пенсияларды ашыкча чегерүү аныкталган (РСФБнын тескемеси менен аудиттин жүрүшүндө кармалган).

Абуталипов Т.А. каза болгон пенсионер С М. Мейманкулованын уулу болуп санала тургандыгы жөнүндө өтүнүч кат жана тастыктоочу документтер жок болгондугуна карабастан, Ноокен РСФБнын номери жана күнү көрсөтүлбөгөн чечими боюнча 17,8 миң сом суммасына жерге берүүгө жөлөк акча төлөнгөн.

Кара-Кулжа РСФБда каза болгон пенсионер А. Акматалиевдин РСК Банктагы эсебинде 117,7 миң сом суммасында ашыкча төлөнгөн пенсиялык каражаттар калдыгы катталган, анын ичинен 9,5 миң сом мураскерге төлөнүүгө тийиш жана 108,2 миң сом Социалдык фонддун эсебине кайтарылууга жатат.

**Корутунду**

Аламүдүн РСФБда Д.Курбановага иш стажын туура эмес белгилөөгө байланыштуу, 1129,04 сомго пенсияларды ашыкча чегерүү аныкталган (РСФБнын тескемеси менен аудиттин жүрүшүндө кармалган);

Тастыктоочу документтер жок болгондугуна карабастан, Ноокен РСФБда 17,8 миң сом суммасына жерге берүүгө жөлөк акча төлөнгөн;

Каза болгон пенсионер А. Акматалиевдин РСК Банктагы эсебинде 2020-жылдын январь айынан тартып 117,7 миң сом суммасында ашыкча төлөнгөн пенсиялык каражаттар калдыгы катталган, анын ичинен 9,5 миң сом мураскерге төлөнүүгө тийиш жана 108,2 миң сом Социалдык фонддун эсебине кайтарылууга жатат.

**Сунуш**

Каза болгон пенсионерди жерге берүүгө жөлөк акча төлөөдө “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына таянуу зарыл.

108,2 миң сом суммасында ашыкча төлөнгөн пенсиялык каражаттар калдыгын Социалдык фонддун эсебине кайтаруу камсыздалсын.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы нын адуитору М.К. Арзыбаевдин жетекчилиги менен, башкы мамлекеттик инспектор А.С. Токторова жана мамлекеттик инспектор Ж.Садыков тарабынан жүргүзүлгөн.

**Аудитор** **М.К. Арзыбаев**